**Батиров Азизбек Рузибаевичтин "Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери" аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө илимий жетекчинин ПИКИРИ**

Улуттук фольклордук мурастардын абдан ар тараптуу жана бай казынасын азыркы ааламдашуу доорунда жаштарды тарбиялоого колдонуунун практикалык баалуулугу жана колдонууга карата муктаждыктардын болсо да, ал руханий баалуулуктарды максатка ылайыктап, оптималдуу пайдалануу боюнча мугалимдердин жана тарбиячылардын педагогикалык билимдеринин жана этнопедагогикалык маданиятты өздөштүрүү деңгээлинин жетишсиздиги изилдөөнүн актуалдуулугун далилдейт. Бул изилдөө иши бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Фольклордук чыгармалар ар дайым элдин руханий байлыгын, тарыхый мурасын, маданий өзгөчөлүктөрүн жана баалуулуктарын чагылдырып келген. Мына ушул чыгармачыл жана баалуу тармак мектеп окуучуларынын патриоттук сезимдерин өнүктүрүүдө олуттуу роль ойнойт. Мектепте патриоттуулукту тарбиялоо, айрыкча фольклордук чыгармалардын негизинде жүргүзүлсө, бул окуучулардын элдин тарыхын, каада-салтын, үрп-адатын терең билип, сыйлоо сезимдерин арттырат. Ошол эле учурда, мекенге болгон сүйүү жана анын тагдыры үчүн жоопкерчилик сезимдерин калыптандырууга өбөлгө түзөт. Изилдөөчү сунуштаган педагогикалык шарттар жана методикалык ыкмалар заманбап билим берүү процессинде кеңири колдонулуучу технологиялар менен айкалышып, мектеп окуучуларын тарбиялоодо маанилүү натыйжаларга жетише алат.

Автор тарабынан белгиленген негизги шарттар, анын ичинде фольклордук чыгармаларды окутуу программаларына интеграциялоо жана

педагогдордун адистик деңгээлин жогорулатуу, туура багытта иштелип чыккан. Педагогикалык шарттардын теориялык негизделиши жана алардын билим берүү процессиндеги практикада канчалык натыйжалуу экени бул иште илимий маанилүү багыт катары каралган. Мында, мектептеги окутуу жана тарбиялоо иштерине заманбап методикалардын колдонулушу өзгөчө мааниге ээ. Бул изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, өзгөчө улуттук баалуулуктарды сактоо жагынан, билим берүү системасына өз салымын кошот деп ишеним артса болот.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөчү изилдеген маселе кеңири изилдөөнү талап кылган маанилүү багыттардын бири. Илимий жетекчи катары, бул тема боюнча талыкпаган эмгек жана туура изилдөө иштери келечекте мектеп окуучуларына патриоттук тарбия берүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга чоң өбөлгө түзөт деп ишенем.

**Илимий жетекчи:**
**педагогика илимдеринин доктору, И. Арабаев**
**атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин**
**педагогика кафедрасынын профессору** Калдыбаева А.Т.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ 7. 10. 2024-ж